# Көйнөккө төгүлгөн боёк



Автор: Узен Атаканов

Сүрөтчү: Темирлан Абылов

# Көйнөккө төгүлгөн боёк

Автор: Узен Атаканов
Сүрөтчү: Темирлан Абылов

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

«Көйнөккө төгүлгөн боёк» (кыргыз тилинде), автор Узен Атаканов, сүрөтчү Темирлан Абылов

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Алтынай экинчи класста окуйт. Жаңы кийим кийгенди аябай жакшы көрөт. Көйнөктөрү да абдан көп.


Анын Барчынай аттуу сиңдиси бар. Бир күнү атасы Барчынайга кыпкызыл көйнөк алып келиптир. Кооз гүлдүү, кош этек көйнөк көзүнө сонун көрүндү. Алтынай аябай жактырып калды.

– Апа, атам алып келген көйнөк аябай сонун экен, ээ?

– Ооба, кызым, сонун! Барчынайга да жагат болуш керек.

Апасы уй сааганы чыгып кетти. Алтынай кайра-кайра көйнөктү кармалап, кийип да көрдү. Күзгүнүн жанында тегеренип, бийлеп да жатты. Бир кезде көйнөктү чечпей туруп, тартып бүтпөй калган сүрөтүн боёп баштады.





Байкабай, көйнөккө боёк тамчылатып алды. Коркуп кеткен Алтынай көйнөктү дароо чечип, ордуна коюп койду.

Кечинде апасы көйнөктү Барчынайга кийгизип көрдү. Ага чоң келип калды.

– Алтынай, сен эле кийип ал. Сага туура келет. Барчынайга башкасын алып берели, – деди атасы.

Алтынай сүйүнүп кетти. Бирок боёкту эстеди да, кылган ишине өтө бушайман болду.



Ал өзүнүн этиятсыздыгына өкүндү. Эч ким билбесе да, Барчынайдан уялып жатты. Көйнөк өзүнө берилип калганына сүйүнгөн деле жок.



Сиңдисинин алдында өзүн күнөөлүү сезди. Ага колундагы эң жакшы көргөн куурчагын бере салды.

Алтынай көйнөккө төгүлгөн боёк тууралуу сөзсүз апасына айтат...



АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ


Автор: Узен Атаканов

Сүрөтчү: Темирлан Абылов



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору

Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли